КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) I сессиясы**

Сүлүктү шаары 27.11.2024-жыл

## Токтом № 3

**Сүлүктү шаардык кеңешинин сессияларында кабыл алынуучу токтомдорун мамлекеттик тилде кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 39-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 8-декабрындагы №743 токтому менен кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрин жургузүү тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин сессияларында кабыл алынуучу токтомдор мамлекеттик тилде кабыл алынсын.

2. Ушул токтом шаардык кеңештин аппаратында каттоодон өткөрүлүп, Сүлүктү шаардык кеңешинин жана мэриясынын www.suluktu.gov.kg расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин төрагасына, шаардык кеңештин аппаратына жүктөлсүн.

Төрага Б.А. Абдуназаров